***DOI:10.26104/NNTIK.2023.24.42.050***

*Закиров У.А.*

# XVIII-XIX КЫЛЫМДАРДА БАТЫШ ЕВРОПА ИСКУССТВОСУНДА ПАЙДА БОЛГОН ФИЛОСОФИЯЛЫК БААЛУУЛУКТАР

*Закиров У.А.*

# ФИЛОСОФСКИЕ ЦЕННОСТИ ПОЯВИВШИЕСЯ В ЗАПАДНОЕВРОПЕЙСКОМ ИСКУССТВЕ В XVIII-XIX ВЕКАХ

*U. Zakirov*

# PHILOSOPHICAL VALUES THAT APPEARED IN WESTERN EUROPEAN ART OF THE XVIII-XIX CENTURIES

*УДК: 7.01*

*XVIII кылымдын аягында жана XIX кылымдын биринчи жарымындагы Батыш Европа искусствосундагы өнүгүү тенденциясында антикалык искусствого болгон кызыгуулар акырындык менен өчүп баштайт. “Биз Гректер эмес экенбиз жана да Римдиктер да эмес экенбиз“, - деген жаңыча көз караштагы идеологиялык ураандар пайда болот. Бул ойлордо ошол мезгилде жашап турган элдердин ой тутумдары жатат. Ошол тарыхый доордун убагынадагы адабиятта, музыка дүйнөсүндө, искусстводо акырындык менен жаңы стил пайда болот жана ал стилинде аткарылган эмгектер “роматикалык стили“, - деп аталат. Бул стилдин жаралуусунун таасиринде романтизмдик ойлордун тарабында болгон активдүү полемикалык талашып тартышууларына жана өз ойлоруна бекем турган талапкерлеринин болуусу менен өз күчүнө ээ болот. Алардын чыгармачыл иш-аракеттери, буга чейин классицизмдик стилди колдоп келгендер болучу, мына эми жаңы стилдин пайда болуусу менен көз караштарын өзгөртүп, ушул стилдик багыттарга ыктап турган доордук кубулуштарга баш ийүүлөрү менен коштолот.*

***Негизги сөздөр:** философия, искусство, романтизм, антикалык искусство, грек искусствосу, рим искусствосу, баалуулук.*

*В конце XVIII в первой половине XIX веков в тенденции развития западноевропейского искусства, постепенно стал угасать интерес к античному искусству. «Мы не греки и мы не римляне», - появляются идеологические лозунги с новой точкой зрения. Эти мысли и есть мыслительные системы народов, живших в то время. В литературе, музыке и искусстве того исторического периода постепенно появился новый стиль, произведения, выполненные в этом стиле, получили название «романтического стиля». Под влиянием создания этого стиля наберут силу активные полемические споры на стороне романтизма и наличие твердо стоящих в своих мыслях кандидатов. Их творческую деятельность сопровождали те, кто ранее поддерживал стиль классицизма, а теперь появление нового стиля изменило их взгляды и подчинилось эпохальным явлениям, тяготевшим к этим стилистическим направлениям.*

***Ключевые слова:** философия, искусство, романтизм, античное искусство, греческое искусство, римское искусство, ценность.*

*At the end of the 18th and the first half of the 19th centuries, in line with the development of Western European art, interest in ancient art gradually began to fade. “We are not Greeks and we are not Romans,” ideological slogans appear with a new point of view. These thoughts are the mental systems of the peoples who lived at that time. In the literature, music and art of that historical period, a new style gradually appeared, works made in this style were called the “romantic style”. Under the influence of the creation of this style, active polemical disputes on the side of romanticism and the presence of candidates firmly standing in their thoughts will gain strength. Their creative activity was accompanied by those who previously supported the style of classicism, and now the emergence of a new style has changed their views and obeyed the epoch-making phenomena that gravitated towards these stylistic trends.*

***Key words:** philosophy, art, romanticism, ancient art, greek art, roman art, value.*

Искусство философиясынын негизги маселеси; «искусство деген эмне?», - бул суроого жооп постмодернизмдин пайда болушу менен жаңы актуалдуулукка ээ болот. Ал көптөгөн «эски», классикалык идеяларды, анын ичинде эстетика жөнүндө, көркөмдүк жөнүндөгү идеяларды шек туудурат.

Постмодернизмде алар “транскультуралдык, транстепоралдык баалуулуктар” катары гана маанисин сактап калышат. Салттуу реализмди пайда кылган «алдамчы иллюзионизмге» кыскарган «мимесис» жөнүндөгү байыркы идеялар кайра каралып калат. Артыкчылык деп аталган идея корголот. Көркөм экспрессия менен күнүмдүк турмуштук тажрыйбанын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн жаңы, оригиналдуу каражатын билдирген иллюзионисттик объектилерге караганда материалдык кубулуштар биринчи орунга чыгат.

Бул принципке туура келген «постмодернисттик» көркөм практика искусство менен турмуштун жакындашындагы жаңы жана күтүүсүз кадам катары каралат, имиш «синхрондук тажрыйбага» кошулат. Анткен менен классикалык мурас менен мындай чечкиндүү үзгүлтүккө учуратуу адамдардын жаңы муундарынын фантазиясын таң калтырып, ырахат тартуулап келе жаткан искусствонун руханий жана практикалык күчүнөн күчтүү боло албайт.

Искусство биринчи кезекте инсан тарабынан жаралат жана биринчи кезекте инсанга кайрылат. Адамдын чыгармачылык ишмердигинин эч бир чөйрөсү адамдын сезимдерин чагылдыруу боюнча искусство менен атаандаша албайт.

Натыйжасында, адамдын жүрүм-турумунун, ишинин, тажрыйбасынын мотивдерин ачууда искусствонун мурда болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүктөрү пайда болот. Ар бир сүрөтчү, өзүн курчап турган

айлана чөйрө, жашоо болумушунун кубулуштарынын жана окуяларынын ички маанисин жекече кайталангыс көрүнүштө жана формада чагылдырат. Ал эми бул жерде искусство философиясынын суроолору адамдын психикасы жана психологиясынын маселелери менен тыгыз байланышта болуп калат.

Бул макалада XVIII кылымдын аягында жана XIX кылымдын биринчи жарымындагы Батыш Европа искусствосундагы өнүгүү тенденциясында антикалык искусствого болгон кызыгууларынын айрым бир белгилүү тарыхый кубулуштарын философиялык жана искусство таануу багытындагы учкул изилдөөлөр жасалды.

Романтизмдик стили алгач Германия мамлекеттинде пайда болот. Романтизм стилинин эригүү алчу булагы катары орто кылымдардагы искусствого кайрылуу болуп саналат. Ал мезгилдеги чыгармачыл искусство инсандары, ошол доорду, башкача айтканда орто кылымдар доорун агартуучулук жана классицизмдик доордун өкүлдөрү четке кагышкандыгы жана жада калса жек көрүшкөндүгү менен маалым.

Романтиктердин оюу боюнча Христиан ааламы жана Европалыктардын руханий дүйнөөсүнүн ортосунда баа жеткис байланыш бар жана ошол баалуулуктар искусстводо улуттук мүнөзгө ээ болуп туруусу керек. Мисалы: Француздук Готика менен Немецтик Готиканын ортосундагы айырмачылык, же Италия менен Испаниянын Готикасынын ортосундагы айырмалар жана башкалар.

”Улуттук руханий маданият“,-деген маселени романтиктер көтөрүп чыккан. “Романтизмдик стилдин өкүлдөрү кыйалдануу менен жашоо чындыгынын ортосундагы мамилелердин карама-каршылыгын ого бетер күчөндүрүп, бул маселени искусствонун бийиктигине жеткиришет. Эрдик сапаттары, баатырдык кулк мүнөздөрү, инсанды баатыр кебетесине айландыруулар, согуштук жортуулдардагы окуяларда душмандар менен жан алы калбай согушуу, эгемендүүлүк жана акыйкат үчүн болгон күрөшүүлөрү, ошол салгылашуу учурларындагы кыйналуулар, азап чегүүлөр жана ошол багыттагы каза табуулары жана башкалар психо-эмоционалдык абалдары искусство чыгармаларында чагылышат ”[1]. Мына ушундайча ой максаттуу темасы прогрессивдүү романтиктердин негизги темасына айланат.

Чыгармачылыктарда Романтиктерди бириктирген маселелери катарында: күнүмдүк жашоо турмуштун алкагындагы ой жүгүртүүлөрдү жек көрүү, анын кучагынан атырылып чыгуу менен өзүңдү эркин сезүүң, кыялдануулардын туу чокусуна жеткен кыялкечтиктер бааланып, ал эми эң негизгиси ички дүйнөдөгү назиктик сезимдери бийик тутунуу биринчи орунга чыгат.

Шарль Бодлер “Романтизм”,-бул стил эмес, ал же бир кандайдыр багыттагы искусстволук иштөө манерасы эмес, ал жөн гана эмоционалдык таасирлердин бирдиктүү топтомунан жаралган таасир сезим,-деп эсептейт.

Искусстводогу романтизм өкүлдөрүнүн, жалпы искусствого киргизген жаңылыгы катары жана стил,-деп баалагандагы мүнөздүү белгиси болуп, кайталангыс индивидуалдык мүнөздөгү ар бир сүрөтчүнүн дүйнө таанымдык сезиминен жаралган жеке көз караштагы ой жүгүртүүлөрдөн жаралган кандайдыр бир конкреттүү окуяны романтикалык кубулуштарга бөлөгөн чыгармалары болуп саналат.

Романтикалык искусствонун алгачкы жетектөөчүсү катары музыка дүйнөсүн эсептейбиз. Айрым бир архитектуралык курулуштарга кунарсыз, бир жерде катып калган өңдөнгөн обондогу музыка, - деген салыштырмалуу ой мына ошондон калган. Нагыз улуу таасирге ээ болгон мелодиялык ыргактары гана жалпылыкты бир бүтүндүккө баш ийдирет. “Жалпы искусстводогу романтизмдин сүйүүчүлөрү өз ойлорунда, жекелик менен социалдык коомдук чөйрөнү өзүнүн карамагына бириктире алган гана жана бул жааттагы талаш-тартыштарды жеңе алган долбоорлор гана ар тараптуу искусствонун баалуулугуна татыктуу сулуулулугуна ээ боло алат, - деген түшүнүктөгү позицияда бекем турушат” [2].

Сүрөтчүлөр өз чыгармаларында фантазиялык жана интуициялык сезимдердин негизинде чыгарма жаратуунун алгачкы ыкмаларын башташат. Ал доордук өткөөл мезгилдерде, романтикалык багытта чыгармачыл ойлонгон сүрөтчү гана табияттын сырларын өздөштүрүүгө жөндөмдүү,-деп баалаган ой түшүнүктөрү да болбой койгон эмес. Мисалы: Ле Амо тарабынан проекттештиртилген Версалдык парктардын көрүнүштөрү, Англиялык кыштактардын көрүнүшүн имитация кылган архитектуралык искусствосу, Неоготикалык көрүнүштөгү Москва шаарындагы Царицыно архитектурасы жана башкалар.

Оруссиянын дворяндык усадьбаларынын айлана чөйрөсүн коoздогон табигый көрүнүштөгү эски архитектуралык урандылар жайгашкан табиат кереметтери, табигый үңкүрлөрү жана башкалар ар түрдүү тарыхый баалуулуктарына ээ болгон жерлерин да романтикалык таасирлерге жык толгон жайлар катарында баалоого болоор эле.

XIX кылымда Готикалык архитектурада, анын констртуктивдүү болгон тарыхый мүнөздөгү архитектурада кызыгуу өтө күчтүү болгон, бирок эмнегедир бул кызыгуулар узакка созулган эмес.

“Дүйнө элдеринин жана ар түрдүү улуттук маданиятка болгон кызуугалары, ал баалуулуктарга илимий теориялык баа берүүлөрү “Эклектикалык“ стилдин жаралган доору менен бирге ишке ашат. Натыйжада улуттук каада-салттар, этностук өзгөчөлүктөр, үрп-адаттар, ыр-бий, музыкалык обондору, кийим кечелерге маани берүү жана башкалар искусстволук

баалуулуктарын алып чыгуу чоң кызыгууларды жараткан сенсациялык баалуулуктар катарына кирип баштайт" [3].

Көптөгөн Романтик сүрөтчүлөрү бул стилдин алкагында чыгарма жаратуу менен эле тим болбостон, ал эмгектерге илимий теориялык бааларын беришет. Ал эле эмес ар бир түстүн илимий теориялык маани-мазмунун ачышып, ар кандай түстүн философиялык терең маани маңызын алып чыгууга бел байлашат.

Романтикалык стилинин келип чыгуусу менен дүйнөлүк деңгээлдеги искусствонун бардык тармактарында жаңыча көз караштагы эркин ой жүгүртүүлөр жана ар түрдүү көрүнүштөгү жана кандайдыр бир деңгээлдеги мүнөздүү багытты камтыган, али аныктала элек болгон агымдардын келип чыгуусу байкалат жана ал ачылыштар өзгөчө орунду ээлеген тарыхый факт катары таанылат.

Белгилей кетели, мына ошол эле импрессионисттик стилинин пайда болуусу ондонгон дагы ар түрдүү сезим менен туюмдун ортосунан жаралган акыл эстин жогорку ойломдук чегинен алынган чыгармаларын дүйнө жүзүнүн искусство таануучуларына тартуулайт.

Дагы бир белгилеп койчу түшүнүгүбүз, бул романтикалык стил менен импрессионизмдик стилинин бири-бирине өтө жакындыгы жана алардын бири экинчисин толуктап турууларында. Мисалы: романтикалык стил кыйалданууларга терең бөлөнгөн болсо, ал эми импрессионизмдик стил табиат кубулуштарын бир көрүү менен тез шилтем ылдамдыгында чыгармага айлантуу болуп саналат. XVIII кылымдын аягына чейин Немецтик көркөм маданияты Батыш Европа өлкөлөрүнүн ичинен эң алдынкы стили жана биринчи таасирдүүлүктү чагылдырып турган өңдүү кубулуштарды сүрөтчүлөр жана искусство таануучулары арасында кеңири жайылтып таратат.

**Германия искусствосу жана көркөм маданияты.** Германия искусствосу жана көркөм маданияты XIX кылымдын аягына чейин жогорку орундарга татыктуу болгон деңгэлдерде өнгүп, өсүп жана гүлдөп турган. Бирок ошондой болсо дагы, дүйнөлүк искусство жана көркөм маданият тарыхында өтө жогору баалангандай ийгиликтерди: архитектурасында жана музыка дүйнөсүндө жарата алган жок.

XIX кылымдын төрттөн үч бөлүгүнө тиешелүү болгон мезгилдик доордо романтизм менен классицизмдик стилдин ортосундагы карама-каршылыктары күчөп, ортодо көптөгөн тарыхый баалуулуктагы улуттук мүнөзгө көбүрөөк жакын болгон жана өздүк бенлгилерге бай образдары жаралат.

Филип Отто Рунге 1777-1810-жж. "Немецтик романтизмде мистикалык маани мазмундар жана диний багыттагы ой макасаттары үстөмдүк кылат. Көпчүлүк чыгармалардын ички маанисинде улуттук мүнөздөгү кубулуштары менен байкалат. Чыгармачыл сүрөтчүлөрдүн көпчүлүгүнүн изденген багыты искусствонун жанрдык түрү боюнча, Рунге аттуу сүрөтчү биринчилерден болуп, искусствонун көпчүлүк түрлөрүн портреттик жана пейзаждык живопись түрүн синтездөөгө алат" [4]. Ал бул багыттарда алгылыктуу иштерди жүргүзгөн инсан катары белгилүү болуп да таанылат.

*Мисалы:* живопись, скульптура, архитектурада, музыка жана башкалар. Анын оюу боюнча живопистик чыгармалар менен аалам сырларын кабылдоо музыка аркылуу болуп алардын бири-бирине маныздык жактан терең байланышы болуусу керек.

Искусствонун ансабльдик обондору менен ааламдын кудай берген кудуреттүү күчтөрүнүн обондору ар түрдүү искусствонун өзөктүк маанисинин ортосунда туруу менен ар бир кичинекей болуп көрүнгөн кандайдыр бир чыгарманын терeңиндеги мазмун менен аалам сырлары жана күчтөрү байланышып тураарын түшүндүргөн мамилелерди символдоштурат.

Жарык жана көлөкө, түстөрдүн биримдиги жана ар түрдүүлүгү, терең таасирдүү күчтөрү менен колдонуп, Рунге "Күндүн убакыттык ар кандай болуп өзгөрүүлөрү", - деп аталган картиналык чыгармасын жазат.

Бул эмгегинде ал жашоонун өзгөрүүлөрүн, жер шаарынын айланып турууларын, өмүрдүн уламдан улам кандайдыр бир багыттардагы учуп бара жатканын чагылдырат. Ал эми сүрөтчүнүн "Өздүк портрет",-деп аталган эмгегинде болсо, сүрөтчү өзүнүн жүзүндө романтикалык ой сезимдерине толгон, ар тараптуу терең ойломдук образдарга бай көрүнүштү бир эле портреттик эмгекте көрсөтө алат. Өздүк портреттин бир шилтем иштөө манерасында иштеген.

Рунге ар дайым адам баласынын өзгөрүп туруучу маанайын, алардын көз карашындагы ойлоп турган оюн жана деги эле ички дүйнө таанымын билүүгө аракет жасоо менен өз образдарын сүрөттөөгө умтулат. Мындай психо-эмоционалдык таасирлерди алып жүргөн образдарды жаш балдардын портреттерин сүрөттөөдө чагылдыра алат. Жаш балдардын күнөөсүз көз караштары, алардын балалык таза сезимдери, жүрөгүндө арамданган ою жок, тунук ишенүүлөрү сыяктуу жана белгилерин берет.

XIX кылымдын экинчи жарымында сүрөтчү плэнердик мүнөздөгү пейзаждарын жаратат. Ал эмгектеринде табиат көрүнүшүндөгү биринчи кабылдоо туйумдары, табияттын чексиз керемет ааламдары, көлөкө-жарык маселелери, дөңсөөлөр, адырлар, жашылданган жердин бети, бак-дарактар, ачык асмандын ар түрдүү нурларга бөлөнгөн кубулуштары жана башкалар жандуу көрүнгөн сулуулуктарды романтикалык сезимдерге бөлөө менен сүрөттөп берет. "Ар бир сүрөтчү үчүн чыгармачылыктагы терең изденүүлөрдүн мааниси өтө чоң, ал өз кезегинде теориялык жана практикалык маанилерге ээ болуп турат" [5].

Рунге түстөрдүн ички таасирдүү сырларын терең

изилдеген, аларга теориялык баасын берген жана изденүүлөрүнүн жыйынтыгын жазма эмгеги катарында калтырып кеткен инсан катары да белгилүү.

Сүрөтчүнүн илимий теориялык жогорку деңгээлдеги китеби “Түстөрдүн сферасы“, - деп аталат (Гамбург-1810-жж.), - бул эмгегине илимпоздор өтө жогору баасын беришкен. Өзгөчө И.В. Гете, ал эмгекти өтө жогору балап жана терең раазы болгон. Анткени ал өзү да бул багыттарда көп эмгектенүү менен илимий теориялык эмгектерди жазып жүргөн улуу окумуштуу инсан катары маалым.

Каспар Давид Фридрих (1770-1840-жж.) Бул сүрөтчү өзүнүн чыгармачылык өмүрүн табиаттын айтып жана жазып бүткүс сулуулуктарына арнаган инсан. Бул инсанды, романтик сүрөтчү катары дүйнө искусство сүйүүчүлөрү терең баалаган.

Дүйнөлүк деңгээлдеги искусство сүйүүчүлөрү да бул ойлорду тастыктап келишет. Сүрөтчү мыкты чебер, ал пейзаждык жанрдагы картиналарын жазганда табиаттын кубулуштарын романтикалык мааниде ойлонгон инсан.

Сүрөтчүнүн сюжеттик көрүнүштөгү жана пейзаждык мотивдеги дениз кубулуштары, тоо кыркалары, токойлор жана башкалар табиаттын кереметтүү кубулжуп өзгөрүүлөргө тез батып турган кубулуштарын, таңдын атышы, күндүн батышы, чак түш, жаз, жай, күз, кыш жана башкалар абалдарды ачып бере алат.

Сүрөтчүнүн чыгармачылыгынын алгачкы этаптарында искусствонун графикалык түрүндө эмгектенип, бул багытта да көптөгөн эмгектерди жаратат. Ал эми май бойогуна болсо өтө кеч кайрылган. Мына ошол кеч кайрылган болсо да жараткан эмгектери катарына кирүүчүлөрү:

“Тоодогу крест”; “Токойдогу Абааттык жашоо“; “Дениз жээгинде турган Монах“ жана башкалар. 1811-1812-жылдары Фридрих тоого барып эс алып келгендеги таасирлери менен деп сериялык пейзаждык живопистерин жазат. Мисалы:

“Тоодогу тан”, - деп талган чыгармасы, мында табиаттын атып келе жаткан танкы маалындагы аппак күндүн табышмактуу нурлары, кечки маалдагы күндүн кызгылт баскан ар түрдүү түстөрүнүн гаммасы жана башкалар укмуштай болгон жаратылыштын сыйкырларын сүрөттөөгө умтулган. “Түстөрдүн айкалышын таануу менен ар бир чыгармадагы композициянын бир бүтүндүгү келип чыгат” [6].

1820-жылдардан баштап аткарган живопистик картиналары жогоруда атап өткөн эмгектерден да жогорку таасирдик сезимдерине бөлөнгөн чыгармалар болуп саналат. Алардын бири: “Терезе жанындагы кыз бала”, - деп аталат. Бул эмгегинде болсо өтө татаал композициялык түзүлүштүк мүнөздөгү ыкмалар менен техникалык иштөө принциптерине таянуу менен эмгектенет. Андагы алдынкы пландык бөлүктөгү карангылыкка бөлөнгөн абалдык көрүнүш болсо, ал эми аркы пландоолорун өтө күчтүү жарыктанган түстөрү басымдуулук кылып турат жана башкалар.

Фридрихтин чыгармачыл эмгектериндеги өздүк белгилерин айтчу болсок, эң негизги белгилери: көлөкө-жарык, түстөрдүн оюндары менен иштөөсү, ар кандай картиналарындагы жалпы колориттик эффективдүүлүктөр жана башкалар.

“Көптөгөн картиналык чыгармаларында көлөкөжарык жана түс - жарык маселелерине өтө көп көңүл бөлгөндүгүн байкайсын” [7]. Мисалы: “Ай нуруна бөлөнүп кыялга батып турган экөө”, - деп аталган чыгармасы жана башкалар.

Мындагы эки образдык силуэттик дене түзүлүшүн көрсөткөн жаштардын карангы кечтеги кыраан фигуралары, аларды курчап турган айлана чөйрөнүн кечки маал болуп калышы, айдын жарыгындагы кереметке бөлөнгөн кечтин ар түрдүү түстөргө бөлөнүп турган кызыктуу сырдашуу учуру, ай нурларына бөлөнгөн алыскы тоо кыркалары, табышмактуу бак- дарактар жана да жалпы композициялык көрүнүштүн ассиметриялык чечилишиндеги көлөкө-жарыктын түстөрү менен айкалышкан гаммасы аркылуу чечмелөөгө мүмкүн.

Фридрих көптөгөн чыгармаларында, дениз кубулуштарын иштөө боюнча өтө күчтүү чебер болгон. Мына ошолор катарына: “Дениз аягындагы айдын көтөрүлүүсү“, “Муз үстүнүн кыйроосундагы акыркы үмүт“ жана башкалар. Сүрөтчүнүн акыркы чыгармаларынын катарына: “Талаадагы эс алууда“; “Эбегейсиз аянтты ээлеген сазда”; “Эстөөлөр“ жана башкалар эмгектери белгиленет.

**Адабияттар:**

1. Сокольникова Н.И. История изобразительного искусства. - Том 1. - М., 2009. - С. 187.
2. Тэн И. Философия искусства. - М., 1996. - С. 147.
3. Аксёнова А. История искусств. - М., 2021. - С. 7.
4. Гнедич П.П. Всеобщая история искусств. - М., 2021. - С. 610.
5. Иваницкий М.Ф., Манизер М.Г., Максимов К.М., Соловьев А.М., Нестерова Е.В., Елизарова Е.М., Шкандрий Я.О. Школа изобразительного искусства. - М., 1989. - С. 59.
6. Степанов Г.П. Композиционные проблемы синтеза искусств. - Л., 1984. - С. 242.
7. Орехов Ю., Максимова И.С. Панорама искусств. - М., 1984. - С. 126.
8. Субанбекова М.Ш. Историко-философские парадигмы правосознания. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2017. - №. 3. - С. 189-191.